QAZAQSTAN RESPÝBLIKASY
ULTTYQ MÝZEIİ

# МӘДЕНИ МҰРА
## ғылыми журнал

# КУЛЬТУРНОЕ НАСЛЕДИЕ
## научный журнал

# CULTURAL HERITAGE
## science journal

ISSN: 2708-3365

№ 4 (99)

Астана
2022

QAZAQSTAN RESPÝBLIKASY ULTTYQ MÝZEIİ

*Редакциялық алқа:*

| | |
|---|---|
| **Сыдыков А.Ж.** | PhD докторы (Қазақстан), алқа төрағасы |
| **Асанканов А.А.,** | тарих ғылымдарының докторы, ҚР ҰҒА корреспондент мүшесі (Қырғызстан) |
| **Әбдуақап Қара,** | тарих ғылымдарының докторы, профессор (Түркия) |
| **Бороффка Н.,** | археология докторы, профессор (Германия) |
| **Бейсенов А.З.,** | тарих ғылымдарының кандидаты (Қазақстан) |
| **Ибадуллаева З.Ө.,** | тарих ғылымдарының кандидаты, доцент (Қазақстан) |
| **Ибраева А.Г.,** | тарих ғылымдарының докторы, профессор, ҚР Ұлттық Жаратылыстану ғылымдары академиясының академигі (Қазақстан) |
| **Қасенәлі А.Е.,** | PhD докторы (Қазақстан) |
| **Купаева А.Қ.,** | PhD докторы (Қазақстан) |
| **Қартаева Т.Е.,** | тарих ғылымдарының кандидаты (Қазақстан) |
| **Малдыбаева Р.К.,** | өнертану кандидаты (Қазақстан) |
| **Мұқтар Ә.Қ.,** | тарих ғылымдарының докторы, профессор (Қазақстан) |
| **Оңғар А.,** | тарих ғылымдарының кандидаты (Қазақстан) |
| **Самашев З.С.,** | тарих ғылымдарының докторы, профессор (Қазақстан) |
| **Төлеубаев Ә.Т.,** | тарих ғылымдарының докторы, профессор (Қазақстан) |
| **Смағұлов О.С.,** | ҚР ҰҒА академигі, тарих ғылымдарының докторы (Қазақстан) |
| **Таймағамбетов Ж.Қ.,** | ҚР ҰҒА академигі, тарих ғылымдарының докторы, профессор (Қазақстан) |
| **Үмітқалиев Ұ.Ү.,** | тарих ғылымдарының кандидаты (Қазақстан) |
| **Шамильоглу Ю.,** | Висконсин университетінің профессоры (АҚШ) |

## МАЗМҰНЫ / СОДЕРЖАНИЕ


**Қажымас қайрат, қалтқысыз қызмет ........... 4**

**ТҰЛҒА. ТАҒЗЫМ. ТАҒЫЛЫМ / ЛИЧНОСТЬ. ПРИЗНАНИЕ. ПОЧТЕНИЕ**

*Елеуов М.Е.* Археология заңғары ..................... 16
*Подушкин А.Н.* Пытливый ум, неутомимый исследователь .................................................. 18
*Тоқтабай А.У.* Тастарға тіл бітірген тарлан ... 23
*Боковенко Н.А.* Культура саков Восточного Казахстана: поиск истоков ............................. 26
*Мұқтар Ә.Қ.* Археолог З. Самашевтың ортағасырлық Сарайшықты зерттеуге қосқан үлесі ................................................................... 32
*Ермолаева А.С.* Мой сокурсник Зайнолла Самашев .......................................................... 42
*Сайлаубай Е.Е.* Ұлт тарихын түгендеуші тұлға .. 45
*Мерц В.К.* Короткие встречи на долгом пути ... 47
*Табалдыев К.Ш.* Зейнолла агайыбыздын илимий эмгектерин дайым күтөбүз ............................ 50
*Гасанов З.Г.* Работа «Азербайджано-казахстанской международной археологической экспедиции» в 2019-2022 гг. ................................ 53
*Омаров Ғ.Қ.* Текті тұлға туралы толғаныс ...... 59
*Үмітқалиев Ұ.Ү.* Қазақ археологиясындағы мен таныған Зейнолла аға бейнесі ......................... 64

**ФОТОШЕЖІРЕ / ФОТОГАЛЕРЕЯ ............... 67**

**ҒАЛЫМНЫҢ ҒИБРАТТЫ ҒҰМЫРЫ / ДОСТОЙНАЯ ЖИЗНЬ УЧЕНОГО**

*Самашев З.С.* Көне дүние қойнауына саяхат ... 94
*Самашев З.С.* Қазақ Алтайындағы Берел ескерткіші ............................................................. 96
*Самашев З.С.* Вопросы археологии раннего железного века Казахстана .............................. 112
*Самашев З.С.* Тарбағатай петроглифтері. Шимайлы ............................................................ 127
*Самашев З.С.* Изобразительная деятельность в эпоху средневековья ........................................ 138
*Самашев З.С.* Петроглифтерді зерттеудің кейбір әдістері .............................................................. 149


## CONTENTS


**Indefatigable Will, Unwavering Service ............ 4**

**PERSONALITY. CONFESSION. HONOR**

*Eleuov M.E.* Patriarch of archeology ....................... 16
*Podushkin A.N.* An inquisitive mind, a tireless explorer ..................................................................... 18
*Toktabay A.U.* A word about contemporary .......... 23
*Bokovenko N.A.* The saka culture of Eastern Kazakhstan: a search for the origins .................... 26
*Muktar A.K.* The contribution of archaeologist Z. Samashev to the study of the medieval Sarayshik ................................................................ 32
*Ermolayeva A.S.* My classmate Zaynolla Samashev .. 42
*Sailaubay E.E.* A person who studies the history of the nation ................................................................ 45
*Merz V.K.* Short meetings on a long journey ......... 47
*Tabaldiyev K.Sh.* We always look forward to the scientific works of Zeynolla agai .......................... 50
*Gasanov Z.G.* The work of the «Azerbaijan-Kazakhstan International Archaeological Expedition» in 2019-2022 ...................................... 53
*Omarov G.K.* A word about a noble person ........... 59
*Umitkaliyev U.U.* The image of Zeynolla aga in Kazakh archeology ................................................ 64

**PHOTOGALLERY ................................................ 67**

**DIGNIFIED LIFE OF A SCIENTIST**

*Samashev Z.S.* Journey into the depths of the ancient world ......................................................................... 94
*Samashev Z.S.* Berel site of the Kazakh Altai ... 96
*Samashev Z.S.* Issues of archeology of Early Iron Age Kazakhstan ........................................................ 112
*Samashev Z.S.* Petroglyphs of Tarbagatay. Shimayly ......................................................................... 127
*Samashev Z.S.* Fine activity in the Middle Ages ... 138
*Samashev Z.S.* Some methods of studying petroglyphs ......................................................... 149

https://doi.org/10.47500/2022.v12.i4.09

**Табалдыев К.Ш.,**
тарых илиминин доктору,
Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин профессору
Бишкек, Кыргызстан
e-mail: *tabaldiev kubatbek <tabaldievk@yahoo.com*

# ЗЕЙНОЛЛА АГАЙЫБЫЗДЫН ИЛИМИЙ ЭМГЕКТЕРИН ДАЙЫМ КҮТӨБҮЗ

Казак элинен чыккан беделдүү археолог Зейнолла агабыз азыркы учурда Евразия алкагындагы байыркы жана орто кылымдардагы археологиялык маданияттарды изилдөөгө көрүнүктүү салым кошуп жатат. Айрыкча Улуу Алтай тоосунун батыш тарабындагы агайдын ачылыштарын биз кызыгуу менен окуп үйрөнүп, студенттерге археология илиминин эң соңку көрүнүктүү ачылыштары катары тааныштырып жатабыз. Биздин баамыбызга караганда, агайыбыз кийинки он жылдыктарда көп жылдык тажрыйбасын, билимин топтоп, улам алдыга жылган сайын жигердүү эмгектенип, бизге үлгү болуп келе жатат.

Зейнолла аганы алгачкы ирет Кыргызстандын Талас, Ысык-Көл жергелериндеги аска бетине тартылган сүрөттөрү боюнча илимий журналда жарык көргөн эмгектери аркылуу тааныгам. Өзгөчө орто кылымдардагы жалпы бабаларыбыз болуп эсептелген түрк тилдүү калктар тарабынан тартылган Жалтырак-Таш эстелигиндеги сүрөттөр өз учурундагы чоң ачылыш катары кабыл алынган. Бул биргелешип изилденген эстеликтеги сүрөттөргө окшош көп сандуу, көп түрдүү сүрөттөр ачыла элек.

Алтай тоосунун батышындагы Берел эстелигинин изилдениши жалпы Евразия археологиясына жаңы маанилүү маалыматтарды алып келди. Маркум менен бирге коюлган жылкылардын реконструкциялары жылкы келбетин кайра түзүү ишмердигиндеги жаңылык болду. Алар Астанадагы жаңы курулган тарых музейинин көркүн ачты. Берел эстеликтери казылган жерде да музей комплекси менен курулуп, эл жана келген меймандар көрүп тааныша турган түбөлүктүү ажайып жайга айланды.

Мурдагы Алтайдагы Пазырык, Башадар, Үкөк эстеликтериндеги табылган жылкы жана адам сөөк калдыктары мурда ушундай көрүнүктүү үлгүдө калыбына келтирилген эмес. Жылкылардын келбетин түзүп чыгууда Зейнолла ага менен реставратор Крым Алтынбековдун салымы зор.

Табылгалары жакшы реконструкцияланып, музейлердин көркүн ачты. Изилдөө жыйынтыктары боюнча макала, китептер басмада жарык көрүп, байыркы доорду изилдеген окумуштуулар чөйрөсүнө жетти. Көчмөнчүлүк менен гана күн көргөн деп эсептелинген байыркы бабаларыбыздын улуу тоолордун койнунда жаралган нукура табыгый чеберчилигин дүйнөгө таратылды.

Евразиядагы бир канча элдер өздөрүнүн келип чыгышын Берел, Үкөк, Пазырык, Эсик эстеликтерин калтырган калк менен байланыштырууга кызыктар. Алардын жергиликтүү түрк тилдүү калктарга болгон катышы, тиешеси эскерилбей келген. Эми генетикалык изилдөөнүн улам жаңы ыкмалары аркылуу алардын жергиликтүү түрк тилдүү калктардын түздөн-түз бабалары болгону так далилдене баштады.



*Қаратаудағы Сауысқандық жартас суреттері* | *Rock paintings Sauyskandyk in Karatau*

Казак, кыргыз, кара калпак, алтайлыктардын бүгүнкү күндөгү элдик искусствосунун нукура түпкү теги ушул сак доорундагы, хуннулар доорундагы, түрк тилдүү калктардын каганаттары доорлорунда улам кылым аралап өнүгүп келген. Көркөм өнөрү, искусствосу, жылкы баласы менен тыгыз байланыштуу чарбачылыгы азыркы күндө да уланууда. Эки миң беш жүз жыл илгерки кийиз жасоо, шырдак, калпак тигүү ишмердиги, музыкалык аспаптары унутулуп калган жок. Аталган тектеш элдердин дүйнө таанымы, каада-салттарынын окшоштугу кокусунан эмес, алардын бирдиктүү түпкүлүгүн, бир тамырдан, бир өзөктөн тараганын аныктап турат. Зейнолла агабыздын изилдөөлөрү жогоруда айтылгандардын дагы көп сандуу археологиялык табылгалары аркылуу илгерки бирдиктүүлүктүн жаңы, белгисиз издери аныкталды, далилденди.

Биз 2015 жылы Эл аралык түрк академиясы тарабынан уюштурулган сапарыбызда Катон-Карагай районуна, Кара-Каба өрөөнүнө барганда Зейнолла агайдын шакирттери менен бирге изилдеген эстеликтерин, Берел коругун көрүп, жемиштүү кайтканбыз. Археологиялык казуу жүргүзүлгөн жерлер адатта таштапат, кийинки тагдыры эске алынбайт. Ал эми Зейнолла агайдын изилдөө тобунун демилгеси менен курулган Берел коругу байыркы эстеликке богон ыйык мамиленин үлгүсүн көргөздү. Ушул сыяктуу археологдордун, илимпоздордун демилгесин колдогон бийлик өкүлдөрүнүн мамилеси бизге да жукса деп тилейбиз.

Басма бетинде жарык көргөн макала, интервью, фильмдерди көрүп, агайдын жергиликтүү эл-журт, башкаруучулар менен болгон жакшы мамилесин баамдайбыз. Жергиликтүү карапайым калк, эл башында турган атка минерлер Зейнолла агайды урматташат. Өз кезегинде агай да жооп иретинде дайыма илимий изилдөөлөрүнүн натыйжаларын жалпы журтка таанытуу ишин үзбөй аткарат. Алар үчүн макала, китептерди жазып, тартуулап келе жатканын жакшы билебиз.

Соңку жылдардагы түрк каганаттары дооруна таандык кургандардын изилдениши да жалпы Евразиялык алкактагы илимий жаңылыктарды алып келди. Тарбагатай районундагы VIII кылымга таандык Елеке-Сазы жергесиндеги түрк каганына багышталган курган комплексинин ачылышы соңку жылдардагы агайыбыздын зор ийгилиги болду. Демек, чыгыштагы Тонюкук, Билге

каган, Күлтегин эстеликтери сыяктуу батыштагы алардын тектеши Он ок элинин маданиятын Теңир-Тоодо да таап изилдөөгө биз үчүн көрсөтмө болуп калды. Аталган эстеликтер уруулук, уруктук деңгээлдеги эмес, мамлекетик деңгээлдеги элдик көз караштын, ишенимдин тарагандыгын көрсөтүп турат.

Агай байыркы көчмөн маданиятын жаңы мезгилдин талабына ылайык изилдөө ишине жетекчилик кылды. Берел жана башка эстеликтерде адис окумуштууларды даярдады. Аларды Казакстанда, Орусияда жана алыскы чет жерлерде такшалтууну улантып келе жатат.

Мен агай менен 1989 жылы Алматыда, Маргулан окуулары деп аталган конференцияда таанышкам. Ошол бойдон биздин илимий байланышыбыз бир калыпта уланып келе жатат. Басмадан чыккан жаңы макала-китептерин үзбөй тартуулап турат. Дайыма кенешин айтып, жол көргөзүп, илимий пикирлери менен бөлүшүп турат. Агайдан алган маалыматтарды албетте, мен өзүмдүн окуучуларым, шакиттерим менен бөлүшүп турам.

Казакстандагы археологиялык казууларына Кыргызстандан да студент, магистрант, аспиранттар келип сабык алсын, тажрыйба топтосун деп чакырып турат. Зейнолла агай тарбиялаган жаш муундун археологдору биздин Кыргызстандын археологдор менен бирге илимий байланыштарын бекемдей башташты.

Кийинки мезгилдеги изилдөөлөрүндө дайыма «көчмөн» мал чарбачылык менен алектенген калктар деп эсептелинип келген эрте темир доорундагы, орто кылымдардагы калктардын отурукташып жер иштетип, дыйканчылыкты өнүктүргөнү боюнча кызыктуу маалыматтарды таратып келе жатат. Таштан жасалган сүрмө жаргылчактын бетинде калган эзелки заттар, анын ичинде крахмалдын издеринин Кембриж лабораторияларында табылышы өткөндөгү «көчмөндөр» деген пикирлерди четке кагып отурат. Агай мындан тышкары жаңы отурукташып тиричилик өткөргөн «көчмөндөрдүн» турак-жайларын тапкан. Алардын изилдениши, лабораториялык анализдери дагы мурда илимде белгисиз сырларын ачат деп ишенебиз. Казакстанда ачылган жаңылыктардын Кыргызстандагы изилдөөлөргө, тарыхына да тиешеси болот. Себеби, биздин көөнө тарыхыбыз бир, маданиятыбыз бир. Ошол салтты, байланышты улантып келе жатабыз.

Зейнолла агайыбызга ден-соолук, жигердүү илимий чыгармачылык каалайм. Алдыда дагы агайдын колунан илимий иштеринин натыйжаларын алып, насааттарын угуп жүрө берейин деген тилегим бар.

